**“КЕЧКИ СЕРЕНЕДА”**

Сөзү: Шайлообек Дүйшеев

Обону: Анарбек Сардарбековдуку

Шаңдантып шаарымды жаштыктын шамдары,

Жай кечин жандырып оттор жайнады.

Жанында кайыңдын жаш жигит турат,

Сүйгөнүн күтүп ай, күтүп ал дагы.

Кайырма:

Кечки серенада,

Кечки серенада.

Кечки серенада,

Жаштык жылдар ай.

Бульварды аралап кадамын бузбастан,

Кыз-жигит барат экиден жупташкан.

Жанында кайыңдын жаш жигит турат,

Сүйгөнү кечигет үйүнөн чыкпастан.

Кайырма:

Кыз деген ошондой сүйүү деп азгырып,

Кыялга жетелеп, жүрөктү жаз кылып.

Сагынтат өзүңдү элестеп күн сайын,

Чыдасаң күтүп ал аны жактырып.